**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 190201 «Автомобиль жана трактор куруу»**

Квалификациясы – **техник**

**Бишкек 2022 жыл**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **190201 «Автомобиль жана трактор куруу»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, базалык орто кесиптик окуу жай - К.Кольбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледждеги, окуу-усулдук кеңешмеси тарабынан иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- негизги кесиптик билим берүү программасы - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- сабактардын цикли - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- модул - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- компетенция - тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- кредит (зачеттук бирдик) - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнчанегизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүү уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын

көзөмөлдөөчү билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

### 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

-күндүзгү;

-күндүзгү-сырттан (кечки);

-сырттан окуу.

6. 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн күндүзгү окуу формасы боюнча ченемдик мөөнөтү жалпы ортобилиминин базасында – 1 жыл 10 ай. Эгерде ушул кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү негизги жалпы билиминин базасында болсо анда ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурданегизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый-илимий билимдин негиздеринин жаатында, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик жактан адистешкен, атайын кесиптик билим алуусу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек базарындагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана кесиптик компетенцияларга ээ болуусуна даярдоо.

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- максаттуулук, уюштуруучулук;
- эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк,
- жарандуулук, баймабайлык, айкөлдүк;
- жалпы маданияттуулук деңгээлин жогорулатуу.

12. 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт: көтөрүүчү-унаалык, курулуш жол машиналарын жана жабдууларын, айыл чарба, атайын ж.б. машиналардын, алардын кошулмаларын, бөлүктөрүн, система жана тетиктерин пайдалануу, техникалык тейлөө жана оңдоо жумуштарын.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:
- тетиктер, түйүндөр, агрегаттар, унаа жана трактор тутумдары;
- техникалык документтер; технологиялык жабдуулар;
- баштапкы эмгек жамааттары.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- *уюштуруучулук – башкаруучулук:*
- *конструктордук – технологиялык:*
- *өндүрүштүк - технологиялык:*

15. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иштин түрлөрүнө ылайык кесиптик милдеттери:
- *өндүрүштүк - технологиялык:*

тетиктерди даярдоонун технологиялык процессин даярдоо жана ишке ашыруу, буюмдарды автомобиль жана трактор куруу менен жыйноо, өндүрүштө технологиялык тартиптин сакталышын контролдоо;

- негизги жана көмөкчү өндүрүштүн орточо татаалдыктагы буюмдарын конструкциялоо, орто татаалдыктагы тетиктерди даярдоонун технологиялык процесстерин иштеп чыгуу, автотрактордук техниканын буюмдарынын жөнөкөй түрлөрүн чогултуу; эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, өнөр жай санитариясы, өрттөн сактоо жана экологиялык коопсуздук эрежелерин жана ченемдерин билүү; техникалык, каржылык жана адамдык факторлорду эске алуу менен транспорт каражаттарын башкаруунун негиздерин билүү;

- кыйла квалификациялуу адистин жетекчилиги астында техника объектилерин жана технологиялык процесстерди текшерүү боюнча иштерди жүргүзүү, берилген программа боюнча керектүү мүнөздөмөлөрдү алуу, алынган натыйжаларды иштеп чыгуу.

- *конструктордук – технологиялык:*

машина бөлүктөрүн өндүрүү үчүн жаңы долбоорлоо жана технологиялык документтерди иштеп чыгуу.

- *уюштуруучулук – башкаруучулук:*

өндүрүштүк иштерди уюштуруу жана пландоого; машиналарды жана жабдууларды туура колдонууну уюштурууга; өндүрүштүк ишмердүүлүктүн экономикалык натыйжалуулугун баалоого; өндүрүштө коопсуздук техникасын камсыздоого жөндөмдүү.

16. Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүгү.

Кесиптик орто билим берүүнүн 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалат:
- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- 670200 «Унаалык-технологиялык машиналарды жана комплекстерди пайдалануу» багыты боюнча тездетилген мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө.

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары, өз алдынча бул адистикти даярдоо үчүн кесиптик негизги билим берүү программаларын иштеп чыгат. Негизги кесиптик билим берүү программасы боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен, адистиги боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү

стандарттарынын негизинде иштелип чыгат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөр менен туюндурулган сунуштарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программасын 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил-мезгили менен рецензиялоо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана ыктарынын, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды натыйжалуу колдонууну, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу контролдоо;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү туруктуу негизде текшерип туруу;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы эки багытта ишке ашырылышы керек:

- сабактарды өздөштүрүүсүнүн деңгээлин баалоо;

- 190201 "Автомобиль жана трактор куруу" орто кесиптик билим берүү адистигин негизги кесиптик билим берүү программасын кабыл алуусу боюнча, кесиптик модулдардын компетенцияларын өздөштүрүүдө студенттердин деңгээлин баалоо.

Билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик билим берүү уюму (педагогикалык кенештин бекиткен токтому менен), студенттердин учурдагы сынак-рейтингдик баалоо системасын негизинде, жарым окуу жылдыкта ишке ашырылат.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкү сыноолордон турат: атайын бир сабактан жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен, долбоорлоо жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо.

Окуу планда белгиленген билим алуунун толук курсун аяктоодо бүтүрүүчүнүн эч кандай академиялык карызы жок болсо жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилет.

Негизги кесиптик билим берүү программаларына талаптарына ылайык студенттердин учурдагы, орто аралык аттестациялоодо жана бүтүрүүчүлөрдү акыркы күбөлүк алаарда жеке жетишкендиктерин жана этап-этап боюнча тиешелүү компетенттүүлүгүн баалоо иретине карата: тосуп баа берүү үчүн, даражасын алган билимдерди, көндүмдөрдү жана берилген тапшырмалар, тесттер, бирдик тесттер, баалоо каражаттар базасын түзөт. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик билим берүүчү уюм Негизги баалоо каражаттары иштеп чыгып жана бекитет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайлар бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу

жайлар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын,илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайларынын негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайларынын педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайлары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу Кесиптик орто окуу жайлары негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 60 пайызынан ашпоосу керек.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында  окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава.  Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. 190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) жалпы (ЖК):

ЖК1 - өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

ЖК2 - стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3 - кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4 - кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5 - командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6 - команда (баш ийген) мүчөлөрүнүн иштөөсүн жана алардын жумуш ордунда окутууга, тапшырмалардын аткарылышынын жыйынтыгына жоопкерчиликти алуу;

ЖК7 - жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8 - чакан жаамат менен иштөөдө уюштуруу-башкаруу жумуштарына даяр болуу.

*б) кесиптик (КК):*

*өндүрүштүк – технологиялык*:

КК1 - автотрактордук техниканын жөнөкөй түрлөрүн чогултуу жана аларды сыноо, орто татаалдыктагы тетиктерди жасоонун технологиялык процесстерин иштеп чыгууну билет;

КК2 - материалдарды, технологиялык жабдууларды ишканалардын натыйжалуу пайдаланууну кантип ишке ашырууну билет;

КК3 - техникалык иш кагаздарды түзүү;

КК4 - технологиялык жабдууларды долбоорлоо боюнча техникалык тапшырмаларды кантип түзүү керектигин билет;

КК5 - конструктордук документтердин бирдиктүү тутумунун (мындан ары - КДБТ)талаптарына ылайык бөлүктөрдүн жана түйүндөрдүн жумушчу долбоорун иштеп чыгууну билет;;

КК6 – механикалык системалардын элементтеринин бекемдигин иштеп чыгууда жана текшерүүдө типтүү эсептөөлөрдү жасай алат;

КК7 - эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, өндүрүш санитариясы, өрткө каршы коргонуу, экологиялык коопсуздуктун ченемдерин жана эрежелерин билүү;

КК8 - каржы жана адам факторлорун эске алуу менен жол, курулуш машиналарын жана унаа каражаттарын башкаруу негиздерин билет;

КК9 - өндүрүштүк участокко жетекчилик кылууну жана участоктун өндүрүштүк тапшырмалардын аткарылышын камсыз кылууну билет;

*конструктордук – технологиялык*:

КК10 - өндүрүштүк участокко жетекчилик кылат жана участоктун өндүрүштүк тапшырмалардын аткарылышын камсыз кылат;

КК11 - -инженердик жана башкаруу чечимдерин ишке ашыруу жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен участоктун өндүрүштүк ишинин экономикалык натыйжалуулугун баалоо үчүн техникалык, экономикалык жана башка маалыматтарды чогултууну, иштеп чыгууну жана топтоону жүргүзөт;

*уюштуруучулук – башкаруучулук*:

КК12 – аткарылган иштердин сапатын контролдоону жасай алат

КК13 - өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун аныктоону билүү;

КК14 - өндүрүш участогунда коопсуздук техникасын камсыз кыла алат;

КК15 - теориялык механиканын негизги жоболорун жана эсептөө ыкмаларын, материалдардын жана машина бөлүктөрүнүн каршылыгын билет;

КК 18 - чиймени окуганды, схемаларды жана технологиялык иш кагаздарын чыгаруунун эрежелерин билет;

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1. жалпы гуманитардык цикл;
2. математикалык жана табигый илимдер циклы;
3. кесиптик цикл;
жана бөлүмдөр:
4. практика;
5. жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация;
6. дене тарбия.

Негизги орто кесиптик билим берүү программасы бул макетке тиркелген түзүм боюнча иштелип чыккан.

31. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана вариативдик бөлүккө ээ болушу керек. Вариативдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда вариативдүү бөлүктү орто кесиптик окуу жайлар өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша бекитет.

Практика - билим берүүнү бир түрү катары келечектеги кесиптик ишке байланыштуу иштин айрым түрлөрүн жана компетенцияларды жүзөгө ашырууга жүрүшүнө, калыптануусуна, бекемделишине, иш ыкмаларды жана компетенцияларды кесиптик өнүктүрүүгө багытталган иш аракет. Кесиптик негизги билим берүү программаларын ишке ашырууда окуу жана өндүрүш практика түрлөрү каралган. Практиканы орто кесиптик окуу жайлардын окутуучулар курамы менен жөнгө салынат. Практикалардын программасын, максаттарын, тапшырмаларын жана отчеттук бланкаларын орто кесиптик билим берүү окуу жайы аныктайт.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык жогорку билими же орто кесиптик билими бар жана систематикалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик цикл мугалимдери тиешелүү адистиктеги же тармагы боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болушу керек. Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо стажы 10 жылдан ашкан өндүрүшчүлөр эсепке алынат.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайлардын билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 нускадагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

Билим берүү процессинде окутуунун жана окутуу адабияттарын кесиптик, атайын сабактар жана математика жана табигый илимдер боюнча акыркы 10 жылга чейинкиси, ошондой эле социалдык-гуманитардык жана коомдук-экономикалык илимдер боюнча акыркы 5 жылга чейинкиси колдонулат.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунда колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген, орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык база болушу керек (адистиктердин негизги кесиптик билим берүү программасы үчүн материалдык-техникалык жактан маанилүү камсыздоо көрсөтүлөт, мисалы: полигондор, технологиялык лабораториялар, студиялар ж.б., ошондой эле окутуунун техникалык каражаттары менен жабдылууга карата ченемдик талаптар -

студент/компьютер, студент/жабдык катышын сактоо ж.б.).

35. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлигинин Кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат. 1 студентке пайдалуу нормативдик маанилүү аянт эки кезметтик сабакты эске алганда - 7м$^2$ болушу керек.

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» **адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн** материалдык-техникалык база

| № п/п | Бөлүмдөрдүн аталышы | Бөлүмдөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1. | Окуу-өндүрүштүк имарат/корпус/. Бардыгы, бирдиктер | 1 |
| | Анын ичинде: - кабинеттер | 20 |
| | Анын ичиннен. адистештирилген | 3 |
| | - окуу устаканалар | 3 |
| | - лабораториялар | 1 |
| | - окуу гараж | 1 |
| 2. | Спорт комплекси (спорт залы, кеңири профилдеги ачык стадион) | 2 |
| 3. | Акт залы | 1 |
| 4. | Китепкана | 1 |
| 5. | Окуу залы | 1 |
| 6 | ашкана | 1 |
| 7 | медпункт | 1 |

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» **адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн лабораторияларды, кабинеттерди окуу жабдуулары менен материалдык-техникалык жабдуусу**

| №п/п | Атталышы | Жабдуулар |
|---|---|---|
| 1 | Орус тили жана адабияты кабинети | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, окуу жана маалымдама адабият. |
| 2 | Кыргыз тили жана кыргыз адабияты кабинети | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, окуу жана маалымдама адабият. |
| 3 | **Чет тили кабинети** | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, окуу жана маалымдама адабият. |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | **Кыргызстан тарыхы кабинети** | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, окуу жана маалымдама адабият. |
| 5 | **социалдык-экономикалык дисциплиналары кабинети** | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, окуу жана маалымдама адабият. |
| 6 | **спортзалы** | Спорттук жабдыктар, баскетбол щиттер, теннис столдору -3. |
| 7 | Экология жана турмуш-тиричилик коопсуздугу кабинети | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, экран, Жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдар боюнча стенддер топтому, аскердик даярдыктын негиздери боюнча стенддер топтому. |
| 8 | **Математика кабинети** | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, геометриялык телолордун моделдери, квадраттар, циркулдер, маалымдама адабият, магниттик такта, математикалык формулалар менен стенддер. |
| 9 | **Информатика кабинети** | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, такта, графикалык окуу иштерин аткаруу үчүн лицензиялык программалык камсыздоо жана нт программалары, программалоо чөйрөсү, графикалык редакторлор бар компьютерлер, принтер, маалымдама материалдар, программалык камсыздоо, мультимедиялык проектор |
| 10 | **Чийме геометрия жана инженердик графика кабинети** | лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, экран, стенддер, чийме куралдары( циркул, үч бурчтук, штангельциркул, рейшиндер, микрометр, сызгыч), чийме боюнча моделдер, монтаждоо бирдиктери жана деталдары, окуу жана маалымдама адабият, чийме столдор-12 |
| 11 | Компьютердик класс (компьютердик графика кабинети) | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, такта, Offise-программалары, программалоо чөйрөсү, графикалык окуу иштерин жүргүзүү үчүн графикалык редакторлору бар лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютерлер, принтер, мультимедиялык проектор., принтер, мультимедиа проектору. |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | Кабинет-автотрактордук техниканы долбоорлоо жана долбоорлоо | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, экран, моторлорду диагностикалоо үчүн стенд, унаа жана кыймылдаткыч бөлүктөрүнүн жумушчу бетин келтирүүчү жабдуулар, тетиктерди калыбына келтирүү жолдорунун көрсөтмө куралдары |
| 13 | Кабинет-транспорттук жана технологиялык машиналардын гидравликалык жана пневматикалык тутумдары | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, "Пневмопривод жана пневмоавтоматика" лабораториялык комплекси; "Гидропривод жана гидроавтоматика" курсу боюнча гидравликалык элементтердин бөлүнгөн моделдери; "гидравликалык жана пневматикалык тутумдар"топтук колдонуунун демонстрациялык комплекси. |
| 18 | Трактор Кабинети "Тракторлор"Лабораториясы | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, экран, жеңил автомобилдин кыймылдаткычы кесилген, жеңил автомобилдин алкагы кесилген; унаанын структуралык бөлүктөрү боюнча стенддер |
| | Автотрактор техникасын чогултуу технологиясы кабинети | 30 орундуу окуучу эмерек комплекти, лицензияланган программалык камсыздоо(жабдуусу) менен компьютер, мультимедиялык проектор, экран, втомобилдердин түйүндөрүнүн жана механизмдеринин макеттери; автомобилдердин тетиктеринин жана түйүндөрүнүн жана алардын кыймылдаткычтарынын иштеп жаткан үлгүлөрү; кыймылдаткычтын жарактуу кесилиши; автомобилдин трансмиссиясы менен арткы октун жарактуу кесилиши; автомобилдин трансмиссиясы |
| 19 | **Устаканалар:**<br>слесардык-механикалык,<br><br>Электр монтаж | окуучулардын саны боюнча жумуш орундары; окутуучунун жумуш орду; жумушчу орундар, слесардык шаймандардын топтому, анвил, токардык станоктор, фрезердик станоктор, курчутуучу машина. окуучулардын саны боюнча жумуш орундары; окутуучунун жумуш орду; жумушчу орундар; электр жумуштарын аткаруу үчүн даярдыктар; өлчөө куралдары; прибор тактасы; электр стенд, жеңил жана жүк ташуучу автомобилдер |
| 20 | **усулкана** | 3 компьютер, сканер, принтер, методикалык адабият, методикалык иштеп чыгуу |

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча иштелип чыккан ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты базалык орто кесиптик окуу жайы болгон К.Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинде окуу-усулдук кеңешменин отурумунда каралган.

К.Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол
колледжинин директору,
техника илимдеринин кандидаты,
базалык орто кесиптик окуу жайдын
окуу-усулдук кеңешинин төрагасы _________________Алымкулов А.Ш.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин “Автомобиль” бөлүмүнүн башчысы,
ОУКтин төрагасынын орун басары _________________Арымбаев А.А.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин директорунун окуу иштери
боюнча орун басары
ОУКтин жооптуу катчысы _________________Алиева А.Ш.

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик
техникалык университетинин
“Ташууларды уюштуруу жана жол коопсуздугу”
кафедрасынын профессору, өнүгүү проректору,
секциянын жетекчиси _________________Торобеков Б.Т.

Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш,
транспорт жана архитектура университетинин
“Транспорттук жана технологиялык
машиналарды эксплуатациялоо”
кафедрасынын профессору _________________Раджапова Н.А.

Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш,
транспорт жана архитектура университетинин
колледжинин “Инновациялык технологиялар жана
башкаруу” бөлүмүнүн башчысы _________________Ткачева Б.Т.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин директордун мамлекттик тил
боюнча орун басары _________________Сманова К.К.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик
техникалык университетинин
“Ташууларды уюштуруу жана
жол кыймылынын коопсуздугу”
кафедрасынын окутуучусу _________________Койчуманов Э.А.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик

техникалык университетинин
“Ташууларды уюштуруу жана
жол кыймылынын коопсуздугу”
кафедрасынын башчысы _________________ Атабеков К.К.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин “Унаанын элекр жабдыктары жана
автоматика кафедрасынын” башчысы _________________ Туратов Р.А

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик
техникалык университетинин
“Автоунаа” кафедрасынын доценти _________________ Дресвянников С.Ю.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин “Жалпы техникалык илимдер,
жашоо коопсуздугу жана компьютердик техника”
кафедрасынын башчысы _________________ Сыдыгалиева Н.Б.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин “Автомобилдер”
кафедрасынын башчысы _________________ Усенов Т.А.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль – жол
колледжинин “Унаадагы курулуш”
кафедрасынын башчысы _________________ Аубакирова Д.К.
техника илимдеринин кандидаты

Инновациялык технологиялар жана
экономика колледжинин
ага окутуучусу _________________ Бакиров Б.Б.

Бишкек шаарындагы № 100
кесиптик лицейинин
окуу-өндүрүш жана методикалык иштер боюнча
директордун орун басары _________________ Чолпонкулова Ж.А.

Бишкек шаарындагы № 100
кесиптик лицейинин
Өндүрүш окутуу боюнча устат _________________ Дондошев Т.А.

№25 – жол тейлөө мекемесинин
башчысы _________________ Сманов Э.М.

Бишкек жүргүнчү ташуу автоишканасынын

эксплуатация бөлүмүнүн башчысы _________________Хакимов С.А.

№28 – жол тейлөө мекемесинин
Башкы инженери _________________Абдраимов Р.Э.

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» **адистиги боюнча**
**кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын**
**ТҮЗҮМҮ**

| **Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү** | | **Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү** |
|---|---|---|
| | | **1 жыл 10 ай** |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл | 99 |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3-5-семестрлер |
| 2-блок | Практика | 15 |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 6 |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

**Болжолдуу окуу планы.**

Орто кесиптик билим берүү базанын негизде:

190201 «Автомобиль жана трактор куруу» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн базалык денгээлине ылайык түзүлгөн.

**Квалификациясы: «техник»**

Окуу **күндүзгү** формада жүргүзүлөт.

**Окуутуунун нормативдик мөөнөтү**: 9-кл. базасында - **2 жыл 10 ай.**

11-кл. базасында**- 1 жыл 10 ай.**

| Индекс | Окуу процессиндеги элементтер, сабактардын түрлөрү | Эмгек көлөмү | | Семестрлерди болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредиттик | Сааттык | 3 сем. | 4 сем. | 5 сем. | 6 сем. |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1** | **Жалпы билим берүү цикли** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | | | |
| | Орус тили | 3 | 90 | x | | | |
| | Чет тили | 3 | 90 | | x | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | | | x |
| | Манастаануу | 2 | 60 | | x | | |
| | **Вариативтик бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **Жалпы:** | **18** | **540** | | | | |
| 2 | **Математика жана табигый илим цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | x | | | |
| | **Вариативтик бөлүк** | 2 | 60 | | | | |
| | **Жалпы:** | **6** | **180** | | | | |
| 3 | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | 60 | 1800 | | | | |
| 1 | Инженердик графика | 4 | 120 | * | | | |
| 7 | Унаа жана технологиялык машиналардын гидравликалык жана пневматикалык системалары | 6 | 210 | * | | | |
| 8 | Тракторлор | 5 | 180 | | * | | |
| 9 | Автотрактордук техниканы куруу жана долбоорлоо | 5 | 240 | * | * | | |
| 10 | Автотрактор техникасын чогултуу технологиясы | 7 | 210 | | | * | |
| 11 | Унаа жана технологиялык машиналардын эксплуатациялык материалдары | 5 | 150 | | | * | * |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы: | **32** | **960** | | | | |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **43** | **1290** | | | | |
| | **Жалпы:** | **75** | **2250** | | | | |
| 4 | **Дене тарбия** | | 2 саат | | | | |
| 5 | **Практика** | 15 | 450 | | | | |
| 6 | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | 6 | 180 | | | | |
| | Экзамендердин саны (семестрде) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | ***Курсттук, дипломдук иштердин/долбоорлордун саны*** | | | | | х | х |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |